| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз VI сессиясынын жыйынынын

**ТОКТОМУ**

2025-жылдын 8 - августу, № 6/6 Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Буйга айылынын Арал участкасындагы Өрүк жана Ак-Күңгөй дарыяларынын ташкындоосунан А.Акматов атындагы орто мектебине жана Беш-Кемпир айылындагы Ж.Абидинов атындагы орто мектебине селден келтирүүчү коркунучту алдын алуу боюнча жарандардын 05.08.2025-жылдагы жыйналышынын чечимин бекитүү жөнүндө**

Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Буйга айылынын Арал участкасындагы А.Акматов атындагы орто мектебин Өрүк жана Ак-Күңгөй дарыяларынын ташкындоосунан жана Беш-Кемпир айылындагы Ж.Абидинов атындагы орто мектебин сел коркунучунан коргоо боюнча Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Эргешбаевдин маалыматын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Буйга айылынын Арал участкасындагы А.Акматов атындагы орто мектебине Өрүк жана Ак-Күңгөй дарыяларынын ташкындоосунан жана Беш-Кемпир айылындагы Ж.Абидинов атындагы орто мектебине селден келтирүүчү коркунучту алдын алуу боюнча жарандардын 05.08.2025-жылдагы жыйналышынын чечими бекитилсин.

2. Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Буйга айылындагы Өрүк жана Ак-Күңгөй дарыяларынын нугун өзгөртүү менен Өрүк дарыясынын сол тарабын, Ак-Күңгөй дарыясынын оң тарабын бийиктетип калыбына келтирүү жана Беш-Кемпир айылындагы Кызыл-Таш чегине сел өтмөк куруу үчүн кетүүчү чыгымдарды эсептеп берүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнөн суралсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Мойдунов**